# КР ССУЖА Башкармалыгынын мүчөлөрүн шайлоо

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО УЮМДАРЫНЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИНИН АССОЦИАЦИЯСЫНЫН I СЪЕЗДИ**

Кыдыкбаева Айнура

31-май 2024-жыл

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation

HFA Swiss Project

# Шайлоону өткөрүүнүн нормативдик негиздери

- **«Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин Ассоциациясы» УСТАВЫ**
- «Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин ассоциациясы» коомдук бирикмесинин Башкармалыгынын чечими менен бекитилген **«Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин Ассоциациясы» коомдук бирикмесинин Башкармалыгынын мүчөлөрүн шайлоо тартиби жөнүндө»** ЖОБО 2023-жылдын 7-декабрындагы № 3-протоколу

# ССУЖАнын Уставынын жоболору

- Бирикменин Башкармалыгынын мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү - ***3 жыл;***
- Ассоциациянын Башкармалыгынын сандык курамы Ассоциациянын мүчөлөрүнүн жалпы чогулушу тарабынан аныкталат, ***11 адамдан кем болбоого тийиш;***
- ССУЖА Башкармалыгынын мүчөлөрү текшерүү комиссиясынын мүчөсү ***боло алышпайт***;
- ССУЖА Башкармалыгынын мүчөлөрү ССУЖА ***мүчөлөрүнүн жалпы чогулушунда жашыруун добуш берүү менен шайланат.***

# Шайлоо комиссиясынын курамы

- **Төрага**
  Майканаев Болот Бекташевич, текшерүү комиссиясынын мүчөсү;

- **Комиссия мүчөсү**
  Асизбаева Ч.Б., КР ССУЖАнын  аткаруучу директору;

- **Комиссия мүчөсү**
  Кыдыкбаева А.К., КР ССУЖАнын билим берүү менеджери.

# Шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктары

- Жалпы чогулуштун катышуучуларынын тизмесин түзүү;
- Жалпы чогулуштун иштеши үчүн керектүү кворумду белгилөө;
- КР ССУЖА Башкармалыгынын мүчөлүгүнө талапкерлердин тизмесин аныктоо;
- Келип түшкөн добуш берүү бюллетендерин иштеп чыгуу;
- Башкармалыктын мүчөлөрүн тандоо боюнча добуштарды эсептөө;
- Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду тариздөө жана кол коюу.

# Негизги эрежелер

- КР ССУЖА Башкармалыгынын мүчөлүгүнө шайлоо Бирикме мүчөлөрүнүн ичинен ***аймактар боюнча өзүнчө*** өткөрүлөт;
- Ар бир региондо башкармалыктын ***бирден гана*** мүчөсү шайланат, ***ал эми Ош, Жалал-Абад облустарында жана Бишкек шаарында*** Башкармалыктын ***экиден*** мүчөсү шайланат (КР ССУЖА мүчөлөрүнүн көп санын эске алуу менен);
- КР ССУЖА Башкармалыгынын курамына ар бир региондон ***эң көп добуш алган талапкерлер шайланат.*** (ЖОБОнун 7-пункту);
- Добуш берүү эки этапта өткөрүлөт:

**- Биринчи этап:** ар бир региондон КР ССУЖА Башкармалыгынын мүчөлүгүнө **талапкерлерди көрсөтүү максатында** онлайн-добуш берүү;

**- Экинчи этап:** ар бир регион боюнча **Башкармалыктын мүчөлөрүн тандоо максатында** оффлайн добуш берүү.


# Онлайн добуш берүүнүн жыйынтыгын чыгаруу эрежелери

- Башкармалыктын мүчөлүгүнө талапкерлердин тизмесине добуш берүүнүн **биринчи этабынын** (онлайн добуш берүүнүн) натыйжасында ошол регион боюнча ССУЖАнын мүчөлөрүнүн добуштарынын саны боюнча **1** жана **2-орундарды** ээлеген ССУЖАнын мүчөлөрү гана киргизилет;

- Башкармалыктын мүчөлүгүнө 2ден адам шайланган региондордо (Ош, Жалал-Абад облустары жана Бишкек шаары) талапкерлердин тизмесине ССУЖАнын **4 мүчөсү** кирет, алар аталган региондордо ССУЖАнын мүчөлөрүнөн эң көп добуш алышкандар.

# Региондор боюнча добуш берүүнүн биринчи этабынын жыйынтыктары

## КР ССУЖА мүчөлөрүнүн жалпы саны-177 адам.



# Добуш берүүнүн экинчи этабынын эрежелери

- Добуш берүү оффлайн режиминде жүргүзүлөт (ССУЖАнын мүчөлүгүнө талапкерлердин региондор боюнча аты-жөндөрүнүн тизмеси берилген);
- Добуш берүү керек:

  - үч региондо (Ош, Жалал-Абад облустары жана Бишкек шаары) ***2 талапкер үчүн;***

  - калган региондор боюнча ***1 талапкер үчүн***;

- Башкармалыкка шайлангандардын саны ***13 (он үч) же андан көп*** мүчөнү түзгөн учурда башкармалыкка шайлоо өттү деп эсептелет.